# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН КОНСТИТУЦИЯЛЫК СОТУНУН

Айзана Темирбековна Ниязалиеванын Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотунун судьялар коллегиясынын 2025-жылдын 26-ноябрындагы аныктамасына даттануусун кароо жөнүндө

## ТОКТОМУ

2026-жылдын 9-марты Бишкек шаары

Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту: төрагалык кылуучу – Э.Ж. Осконбаев, судьялар Ч.А. Айдарбекова, М.Р. Бобукеева, К.А. Дуйшеев, Л.Ч. Жолдошева, К.Дж. Кыдырбаев, Ж.А. Шаршеналиев курамында, катчы Т.Т. Ильясовдун катышуусунда, “Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту жөнүндө» конституциялык Мыйзамдын 30-беренесинин 5-бөлүгүн жетекчиликке алып, Айзана Темирбековна Ниязалиеванын Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотунун судьялар коллегиясынын 2025-жылдын 26-ноябрындагы аныктамасына даттануусун сот отурумунда карап чыкты.

А.Т. Ниязалиеванын кызыкчылыгын көздөгөн А.К. Акматбекованын, М.Б. Султаналиевдин өтүнүчү боюнча даттанууда баяндалган жүйөлөрдү жана материалдарды изилдеп чыгып, судья-баяндамачы Ж.А. Шаршеналиевдин маалыматын угуп, Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту

**Т А П Т Ы:**

2025-жылдын 27-октябрында Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотуна А.Т. Ниязалиеванын кызыкчылыгын көздөгөн жарандар А.К. Акматбекованын, М.Б. Султаналиевдин «Кыргыз Республикасынын Адвокатурасы жана адвокаттык иш жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 8-1-беренесинин 7, 8-бөлүктөрүнүн Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 6-беренесинин 3-бөлүгүнө, 23-беренесинин 1, 4, 5-бөлүктөрүнө, 42-беренесинин 1-бөлүгүнө, 55-беренесине, 56-беренесинин 2-бөлүгүнө, 61-беренесинин 1, 2, 3-бөлүктөрүнө ылайык келүүсүн текшерүү жөнүндө кайрылуусу түшкөн.

Талашылып жаткан ченемдер Кыргыз Республикасынын Адвокатурасынын этика боюнча комиссиясынын (мындан ары – Комиссия) ыйгарым укуктарын жана анын чечимдерине даттануунун тартибин жөнгө салат. Даттанылып жаткан жобого ылайык, Комиссия адвокаттарга карата тартиптик жоопкерчиликтин төмөнкү чараларын колдонууга укуктуу: 1) эскертүү; 2) сөгүш. Комиссия ошондой эле лицензиянын колдонулушун токтотуу же лицензиядан ажыратуу жөнүндө Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигине сунуш киргизүүгө укуктуу. Комиссиянын чечими акыркы болуп саналат. Комиссиянын чечимдерине Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген тартипте сотко даттанылышы мүмкүн.

Кайрылууда баяндалган жагдайлардан көрүнүп тургандай, Комиссиянын 2024-жылдын 22-июлундагы чечими менен адвокат А.Т. Ниязалиевага карата адвокаттык иш жүргүзүү укугуна лицензиядан ажыратуу жөнүндө Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигине сунуш киргизилген.

Бул чечимге макул болбостон, А.Т. Ниязалиева Комиссиянын чечимин мыйзамсыз (жараксыз) деп таануу жөнүндө доо арызы менен Бишкек шаарынын Ленин райондук сотуна кайрылган.

2025-жылдын 25-июлунда Бишкек шаарынын Ленин райондук сотунун судьясы иш боюнча өндүрүштү кыскартуу жөнүндө аныктама чыгарган. Сот өз чечимин «Кыргыз Республикасынын Адвокатурасы жана адвокаттык иш жөнүндө» Мыйзамдын 2-беренесинин 1, 2-бөлүктөрүнө ылайык, Адвокатура -бул  Кыргыз Республикасынын адвокаттарынын милдеттүү мүчөлүгүнө негизделген, кесиптик кызыкчылыктардын жалпылыгынын негизинде түзүлгөн, адвокаттардын кызыкчылыктарын билдирүүгө жана коргоого, алардын квалификациясын жогорулатууга жана адвокаттык ишти өнүктүрүүгө көмөк көрсөтүүгө багытталган адвокаттардын өз алдынча башкарылуучу кесиптик коомдоштугу болуп саналат деген жобого негиздеген. Адвокатура жарандык коомдун институту катары мамлекеттик органдардын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын тутумуна кирбейт жана өз ишин ушул Мыйзамга жана Адвокатуранын уставына ылайык жүзөгө ашырат. Доогердин талабы катары Комиссиянын адвокаттык иш жүргүзүү укугуна лицензиядан ажыратуу жөнүндө Юстиция министрлигине сунуш киргизүү тууралуу чечими жарандык сот өндүрүшүнүн тартибинде чечилүүгө жатпайт, анткени бул чечим тартиптик жаза чара  болуп саналбайт.

Ушуга байланыштуу арыз ээлери Юстиция министрлигине кайрылышкан, аларга  Комиссиянын чечимдерине жалпы юрисдикциядагы соттордо сот тартибинде даттанууга болору түшүндүрүлгөн.

Арыз ээлеринин пикири боюнча, Этика боюнча комиссиянын чечими, анын ыйгарым укуктары, ошондой эле лицензиянын колдонулушун токтото туруу же лицензиядан ажыратуу жөнүндө Юстиция министрлигине киргизилген сунуш адвокаттардын тартиптик жоопкерчилик чараларынын тизмесине киргизилген эмес, демек, алардын укуктук статусу мыйзамда аныкталган эмес. Мындан тышкары, Комиссиянын чечимине жана ал тарабынан адвокаттык иш жүргүзүү укугуна лицензиянын колдонулушун токтото туруу же лицензиядан ажыратуу жөнүндө киргизилген сунушуна даттануунун конкреттүү жол-жобосу каралган эмес. Бул талашылып жаткан

ченемдин соттор жана мамлекеттик органдар тарабынан ар түрдүү чечмеленишине өбөлгөлөрдү жана прецеденттерди түзүп, муну менен адвокатты өз убагында соттук коргоого болгон конституциялык укугунан ажыратат. Ошентип, алардын пикири боюнча, талашылып жаткан ченемдин жоболору ички карама-каршылыкты жана укуктук аныксыздыкты жаратып, ар бир адвокат үчүн соттук коргоонун негиз түзүүчү принциптерин жана кепилдиктерин бузат.

Кайрылуунун авторлору талашылып жаткан ченемдер эки ача түшүнүүгө жол берерин белгилешкен, анткени Комиссиянын чечимине даттанууга боло тургандыгы көрсөтүлгөнү менен, соттук контролдун предмети так эмнелер болушу мүмкүн экендиги, даттануунун мөөнөттөрү, ошондой эле сот өндүрүшүнүн түрү аныкталган эмес.

Арыз ээлери Этика боюнча комиссияга адвокаттын лицензиясынан ажыратуу же анын колдонулушун токтото туруу маселесин так белгиленген соттук контролсуз демилгелөө укугунун берилиши эмгек эркиндигин жана өзүнүн кесиптик жөндөмдөрүн эркин пайдалануу укугун кепилдеген Конституциянын 42-беренесинин 1-бөлүгүнө карама-каршы келет деп эсептешкен. Мында алар кесипке болгон укукту кандай гана чектөө болбосун, так жол-жоболор жана соттук кайра кароо мүмкүнчүлүгү болгон учурда гана жол берилерин, ал эми алардын жоктугу тартиптик таасир этүү чарасын эмгекке болгон конституциялык укуктан өзүм билемдик менен ажыратууга айландырарын белгилешкен.

Адамдын жана жарандын укуктары менен эркиндиктеринин жалпы таанылган принциптерге жана эл аралык укуктун ченемдерине ылайык таанылышын жана кепилденишин, мамлекеттин аларды коргоону камсыз кылуу милдетин, бул укуктарды жокко чыгаруучу же кемсинтүүчү мыйзамдарды кабыл алууга жол берилбестигин, ошондой эле ар бир адамдын соттук коргоого болгон укугун бекемдеген Конституциянын 6-беренесинин 3-бөлүгүнүн, ошондой эле 55, 56 жана 61-беренелеринин жоболоруна таянуу менен, арыз ээлери талашылып жаткан ченем адвокаттардын укуктук абалын

начарлатат жана алардын калыс сот адилеттигине жетүү мүмкүнчүлүгүн чектейт, ошону менен адамдын укуктары менен эркиндиктерин коргоонун конституциялык кепилдиктерине карама-каршы келет деп эсептешет.

Өз жүйөлөрүн негиздөөдө арыз ээлери ошондой эле конституциялык контролдоо органынын укуктук позицияларына да шилтеме жасашкан. Алардын маңызы сот адилеттигин жүзөгө ашыруу соттордун өзгөчө компетенциясы болуп саналат, андыктан конституциялык укуктарды козгогон башка органдардын чечимдери соттук контролго алынышы керек жана ал чечимдер, эгерде  жарандардын конституциялык мааниге ээ укуктарын козгосо, эч бир тартиптик орган акыркы чечим чыгара албайт.

Баяндалгандарды эске алуу менен, арыз ээлери талашылып жаткан ченемдерди Комиссиянын адвокаттын лицензиясынын колдонулушун токтото туруу же лицензиядан ажыратуу жөнүндө Юстиция министрлигине сунуш киргизүү тууралуу чечимдерине даттануунун так соттук жол-жобосун камсыз кылбаган жана анын актыларынын акыркы мүнөзү боюнча укуктук аныксыздыкка жол берген бөлүгүндө Конституцияга карама-каршы келет деп таанууну өтүнүшкөн.

Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотунун судьялар коллегиясынын 2025-жылдын 26-ноябрындагы аныктамасы менен кайрылууну өндүрүшкө кабыл алуудан төмөнкү негиздер боюнча баш тартылган.

«Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын талаптарына (26, 27-беренелер) ылайык, мыйзамдын же башка ченемдик укуктук актынын Конституцияга шайкештиги жөнүндө маселеде аныксыздыктын болушу, кайрылуунун формасына жана мазмунуна коюлган жалпы талаптар, анын ичинде арыз ээлери келтирген жүйөлөрдүн конкреттүү укуктук негиздемесине тиешелүү талаптар сакталган шартта, ишти конституциялык сот өндүрүшүнүн алкагында кароо үчүн негиз болуп саналат.

Конституциялык Мыйзамдын көрсөтүлгөн ченемдери императивдик мүнөзгө ээ жана арыз ээсине өз кайрылуусунда талашылып жаткан укуктук жөнгө салуунун конституциялуулугунда аныксыздыктын бар экендигин ырастаган, Конституциянын тиешелүү жоболоруна шилтеме жасалган юридикалык жактан негиздүү жана ынанымдуу жүйөлөрдү келтирүү милдетин жүктөйт. Мында талашылып жаткан ченемдер менен конституциялык көрсөтмөлөрдүн ортосундагы тутумдук өз ара байланыш айкын жана шартсыз болууга тийиш.

Аталган  учурда арыз ээлери келтирген жүйөлөр талашылып жаткан ченемдердин Конституциянын жоболору менен предметтик байланышы бар экендигин ырастабайт жана кайрылууну конституциялык сот өндүрүшүн баштоо үчүн зарыл болгон талаптарга жооп берет деп таанууга мүмкүндүк берүүчү жетиштүү укуктук аргументтерди камтыбайт.

Судьялар коллегиясы, «Кыргыз Республикасынын Адвокатурасы жана адвокаттык иш жөнүндө» Мыйзамдын 8-1-беренесинин жоболору, алардын өз ара тутумдук байланышында мыйзам чыгаруучунун адвокаттарга карата тартиптик жоопкерчиликтин негиздери жана түрлөрү катары тартиптик өндүрүштүн тартибин жөнгө салгандыгын, ошондой эле Комиссиянын чечимдерин сот тартибинде кайра кароо мүмкүнчүлүгүн карагандыгын далилдейт деп  белгиледи.

Алсак, аталган Мыйзамдын 8-1-беренесине ылайык, адвокатка карата тартиптик жоопкерчилик чараларын колдонуу Комиссиянын өзгөчө компетенциясына кирет. Бул ченем кайрылууларды текшерүүнү уюштурууну, даттанууларды кароонун мөөнөттөрү менен тартибин, тартиптик таасир этүү чараларын камтыган тартиптик өндүрүш жол-жобосун бекемдейт, ошондой эле Комиссиянын чечимдерине сот тартибинде даттануу мүмкүнчүлүгүн түздөн-түз карайт.

Комиссия тарабынан адвокаттын лицензиясынын колдонулушун токтото туруу же лицензиядан ажыратуу жөнүндө Юстиция министрлигине сунуш киргизүүгө Комиссия аныктаган бузуулар одоно, системалуу же

адвокаттын кадыр-баркын түшүрүүчү жана адвокаттын статусуна шайкеш келбеген мүнөздө болгон өзгөчө учурларда гана жол берилери белгиленген. Мындай сунуш тартиптик жоопкерчилик чарасы болуп саналбайт, ал адвокаттын мыйзамдарда белгиленген талаптарга жооп бербегенин күбөлөндүргөн фактылар жөнүндө ыйгарым укуктуу мамлекеттик органга маалымдоого багытталган кесиптик чара көрүү актысы болуп саналат.

Мында адвокаттын лицензиясынын колдонулушун токтото туруу же лицензиядан ажыратуу жөнүндө чечим кабыл алуу Комиссиянын компетенциясына кирбейт, анткени көрсөтүлгөн ыйгарым укуктар мыйзам менен адвокаттык ишти лицензиялоону жүзөгө ашыруучу орган катары Юстиция министрлигине жүктөлгөн. Демек, мындай чечим тартиптик мүнөзгө ээ эмес, ал лицензиялоо чөйрөсүндө мамлекеттин контролдук функцияларын ишке ашыруу тартибинде кабыл алынуучу административдик-укуктук чара болуп саналат.

Ушуга байланыштуу «Кыргыз Республикасынын Адвокатурасы жана адвокаттык иш жөнүндө» Мыйзамдын 8-1-беренесинин жоболору ички карама-каршылыкты камтыбайт жана конституциялык-укуктук аныксыздыкты жаратпайт, анткени алар адвокаттык өз алдынча башкаруу органдарынын жана лицензиялоону жүзөгө ашыруучу мамлекеттик органдын компетенциясын так ажыратат. Этика боюнча комиссия өзүн-өзү жөнгө салуунун алкагында адвокаттардын кесиптик жоопкерчилиги жөнүндө маселелерди чечет, ал эми Юстиция министрлиги адвокаттын статусу үчүн укуктук кесепеттерди жаратуучу чечимдерди кабыл алат. Бул функциялардын кайталанышына жол бербейт жана Конституцияда бекемделген мыйзамдуулук принцибине шайкеш келет.

Ошентип, арыз ээлеринин тартиптик жана административдик ыйгарым укуктар аралашып кеткендиги жөнүндө жүйөлөрү негиздүү деп таанылышы мүмкүн эмес, ал эми соттор тарабынан процессуалдык укуктун ченемдеринин туура эмес колдонулушу кайрылууну Конституциялык соттун өндүрүшүнө кабыл алуу үчүн негиз боло албайт.

«Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту жөнүндө» конституциялык Мыйзамдын 30-беренесинин 3-бөлүгүнүн 1-пунктуна ылайык, кайрылуу формасы жана мазмуну боюнча ушул Мыйзамдын талаптарына жооп бербесе, коллегия аны өндүрүшкө кабыл алуудан баш тартат.

Баяндалгандарга байланыштуу Конституциялык соттун судьялар коллегиясы каралып жаткан кайрылууда талашылып жаткан ченемдер Конституцияга шайкеш келеби деген маселеде аныксыздык жок деген тыянакка келген.

Судьялар коллегиясынын аныктамасы менен макул болбостон, А.Т. Ниязалиева 2026-жылдын 10-февралында Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотуна даттануу менен кайрылган.

Анын пикири боюнча коллегия укуктук аныксыздыктын жоктугун таанып, соттук контролдоонун бар экендигине көрсөтүп, Комиссиянын сунушунун укуктук мүнөзүнө баа берген жана ченемде ички шайкешсиздик бар деп тапкан. Ушуга байланыштуу, ал судьялар коллегиясынын тыянактары талаш-тартыштын маңызын козгойт жана талашылып жаткан жоболордун конституциялуулугу жөнүндө маселе иш жүзүндө чечилиши керек дегенди билдирет, бул болсо иштин Конституциялык соттун кароосунун натыйжасы боюнча гана мүмкүн деп эсептейт.

Баяндалгандарды эске алуу менен, А.Т. Ниязалиева судьялар колегиясынын даттанылып жаткан аныктамасын жокко чыгарууну жана кайрылууну өндүрүшкө кабыл алууну өтүнөт.

Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту арыз ээсинин жүйөлөрүн жана судьялар коллегиясынын кайрылууну өндүрүшкө кабыл алуудан баш тартуусунун негиздерин талкуулап, судьялар коллегиясы талашылып жаткан ченемдер менен конституциялык көрсөтмөлөрдүн ортосундагы тутумдук байланышты күбөлөндүргөн жетиштүү укуктук аргументтерди таппагандыктан, өз ыйгарым укуктарынын чегинен чыккан эмес деген тыянакка келди. Ошону менен бирге, талашылып жаткан

ченемдердин Конституцияга ылайык келүүсү жөнүндө маселеде аныксыздык бар экенин белгилейт.

Жогоруда баяндалгандардын негизинде, «Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту жөнүндө» конституциялык Мыйзамдын 30-беренесинин 5-бөлүгүн, 38, 48, 49-беренелерин, 52-беренесинин 1-бөлүгүн жетекчиликке алып, Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту

**Т О К Т О М  К Ы Л Д Ы:**

1. Айзана Темирбековна Ниязалиеванын Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотунун судьялар коллегиясынын 2025-жылдын 26-ноябрындагы аныктамасына карата даттануусу канааттандырылсын.

2. Айзана Темирбековна Ниязалиеванын кызыкчылыгын көздөгөн Айзат Кубатбековна Акматбекованын, Марат Бакаевич Султаналиевдин «Кыргыз Республикасынын Адвокатурасы жана адвокаттык иш жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 8-1-беренесинин 7, 8-бөлүктөрүнүн Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 6-беренесинин 3-бөлүгүнө, 23-беренесинин 1, 4, 5-бөлүктөрүнө, 42-беренесинин 1-бөлүгүнө, 55-беренесине, 56-беренесинин 2-бөлүгүнө, 61-беренесинин 1, 2, 3-бөлүктөрүнө ылайык келүүсүн текшерүү жөнүндө өтүнүчү өндүрүшкө кабыл алынсын.

3. Ушул токтом акыркы болуп саналат, даттанууга жатпайт жана кол коюлган учурдан тартып күчүнө кирет.

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН**
**КОНСТИТУЦИЯЛЫК СОТУ**